**ТАРБИЯ ЖАНА ТААЛИМ**

**ВОСПИТАНИЯ И ОБУЧЕНИЯ**

**EDUCATION AND TRAINING**

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

***Сабырова Элзада Сыдыковна***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***К. Карасаев атындагы бишкек гуманитардык университети***

# БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЖАНА МЕКТЕПТИН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

***Алымбаева Бермет Бекешовна,***
***Кыргызская академия образовавния***

***Сабырова Элзада Сыдыковна***
***кандидат педагогических наук***
***Бишкекский Государственный Университет имени К. Карасаева***

# ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ СЕМЬИ И ШКОЛЫ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

***Alymbaeva Bermet Bekeshovna,***
***Kyrgyz Academy of Education***

***Sabyrova Elzada Sydykovna***
***Candidate of pedagogical sciences***
***Bishkek State University named after K. Karasaev***

# THE COOPERATION OF FAMILY AND SCHOOL IN EDUCATING THE CHILDREN

***Аннотация:*** *Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө адептик-рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнүп жатат. Макалада авторлор, мектептеги жана үй-бүлөдөгү тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин карамагында турушу зарыл деп караган. Педагогикалык теория менен практиканын көп кырдуу проблемаларынын ичинен туруктуу салтка айланган актуалдуу маселелердин бири окуучуларды тарбиялоо-*

*до мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгынын өзгөчөлүктөрүн даярдоо болуп эсептелет. Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган. Учурда элибиздин руханий билимдерин окуп-үйрөнүү, тарбия берүүдө өсүп келе жаткан жаш муундарды келечекке, турмушка ишенимдүү даярдоо, аларды маданияттуулукка үйрөтүү, кыргыз элинин мурастарын илимий негизде үйрөнүү эң орчундуу маселелердин бири. Ошондой эле, теманын актуалдуулугу жаш муундарды үй-бүлөдө жана мектепте тарбиялоодо коомдун социалдык талаптары педагогикалык теорияда жана практикада жетиштүү иштелип чыкпагандыгы жана анын учурдагы социалдык-экономикалык шартта зарылдыгы менен белгиленет.*

***Аннотация:*** *В настоящее время в мире особое внимание уделяется духовно-личностному воспитанию. Здесь авторы видят системы школьного и семейного воспитания как стратегические задачи, которые важно всегда ставить в ведении государства. Среди многосторонних проблем педагогической теории и практики как традиция одной из актуальных проблем при воспитании учеников является подготовка особенностей взаимосвязи школы и семьи. Духовно богатые и крепкие семьи во все времена и целого общества считались залогом здоровой нации.*

*Основополагающими задачами современного общества является привитие нравственно-духовных ценностей подрастающему поколению, воспитание в них уважения к многовековому наследию кыргызского народа, изучение особенностей культуры на научной основе. Актуальность темы заключается в том, что в воспитании молодого поколения в семье и в школе социальные нормы общества на педагогической теории и практике не достаточно разработаны, как того требуют нынешние социально-экономические условия.*

***Annotation:*** *Currently considerable attention of the world is being focused on the spiritual personal development and well-being. In the present article the authors find the system of family nurturing and school education as a strategic tool that is important to put under state control. Among many different fields of pedagogic theory and practice as a tradition tends to be one of the actual problems in nurturing and educating children is the specific role of school and family cooperation. For instance spiritually rich families are key factors in shaping healthy nation.*

*The fundamental tasks of modern society are the development of moral and spiritual values of the younger generation, educating in them respect for centuries-oldheritage of the Kyrgyz people, studying the peculiaritiesof the culture on a scientific basis. The relevance of the topic is that in the upbringing of young generation in the family and school social norms of society on pedagogical theory and practice are not sufficiently developed as required by the current socio-economic conditions.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *билим берүү, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, баланы тарбиялоо, адептик норма.*

***Ключевые слова:*** *обучение, воспитание, семья, общественный статус, воспитание ребёнка, норма воспитанности.*

***Key words:*** *education, upbringing, care, family, social status, morality, courtesy, moral ethics.*

Бүгүнкү заман – ааламдашуунун, өсүп-өнүгүүнүн заманы. Улам барган сайын цивилизациясы бийик өлкөлөрдү ар жактан тууроо жагы өнөкөткө айланып бараткандай. Дилибизде элибиздин бизге таштап кеткен уюткулуу таалим-тарбиясы көмүскөдө калып, техникалык каражаттар менен алек болуу кийинки муунду түйшөлтүп, адеп-ахлак-

тык тарбиянын үлгүлөрү кайдадыр бир көмүскөдө калгандай сезим калтырат.

Бүгүнкү күндө мектептеги тарбия иши жооптуу, кыйын жана татаал, карама-каршы кырдаалдарды баштан кечирип жаткан учуру. Азыркы социалдык-экономикалык кыйынчылыктардын шарттарында коомубуз адеп-ахлак кризисине кабылды. Акылман Калыгул ата жана акын Арстанбек айткандай, бүгүн уулдан урмат, карылардан каада, кыздарыбыздан кылык кеткени көйгөйлүү чындык [1].

Азыркы күндөгү коомдогу тарбия жөнүндө сөз кылсак, азыр көпчүлүктүн үйүндө интернетке чыгуу, дисктерден ар түрдүү телеберүүлөрдү көрүү үчүн шарт өтө жакшы түзүлгөн. Бирок тарбия эмес балдарыбыз видеофильмдерден бири-бирин сабоо, атуу, өлтүрүү, урдоо, сындырууну көрүп ошолордон үйрөнүп тарбия алып жатышат.

Азыркы жаш муундарыбыздын маалыматтуулугу, кругозору өнүгүп, ал эми интеллекти, руханий-ыймандык жактан өнүгүүсү артта калып жатат. Аларда турмушка жана адамга карата “өзүмчүлдүк” мамиле күч алууда. Эгерде биз мектепте, бала бакчада, үйдө балдарга боорукер, толеранттуу, адамгерчиликтүү болуу жөнүндө тарбия берип жатсак, ал эми ошол эле учурда көчөлөрдөгү жайнаган компьютердик клубдар, жеке үйлөрдө жашыруун уюштурулган видео көрсөтүүлөрдө уруш-мушташты, уятсыздыкты, бузукулукту, кан төгүүлөрдү даңазалаган боевик, триллер фильмдерди пропагандалап көрсөтүп жатса, бул көрүнүш биздин коомдогу ырааттуу жолго койгон тарбия системасында туура келеби? Акыркы жылдары балдар менен жаштар сыналгы жана компьютердик программалардын туткуну болуп, оюн кумарына чөмүп баратканы талашсыз, андагы толгон терс көрүнүштөгү сюжеттер балдардын, жаштардын аң-сезимине тез таасир этүүдө.

Учурда элибиздин руханий билимдерин окуп-үйрөнүү, тарбия берүүдө өсүп келе жаткан жаш муундарды келечекке, турмушка ишенимдүү даярдоо, аларды маданияттуулукка үйрөтүү, кыргыз элинин мурастарын илимий негизде үйрөнүү эң орчундуу маселелердин бири. Ошондой эле, макаланын актуалдуулугу жаш муундарды үй-бүлөдө жана мектепте тарбиялоодо коомдун социалдык талаптары жетиштүү иштелип чыкпагандыгы жана анын учурдагы социалдык–экономикалык шартта зарылдыгы менен белгиленет.

Заманбап мезгилдин талабына ылайык жаңыча ой жүгүртүү мүмкүндүгү жогору, өз элинин учугун улап, чачылганын курай турган инсанды тарбиялоо - башкы милдеттердин бири болууда. Окуучулардын үй-бүлөдө жашоо-тиричиликтин эрежелерин өздөштүрүүсү, инсан катары калыптанышы, коомдогу өз ордун табышы анын коомго карата активдүүлүгү аркылуу ишке ашат. Мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы байланыш жана алардын туура чечилиши мурдатан келе жаткан актуалдуу маселелерден болуп эсептелет [2].

Эл тарабынан узак кылымдарда жаратылып, сакталып, өнүктүрүлүп келген элдик педагогиканын бай тажрыйбалары жана аны бүгүнкү күндө жаш муундарды тарбиялоодо колдонуу маселелери педагогика илими тарабынан изилденет. Ар бир элдин узак кылымдар бою топтолгон педагогикалык тажрыйбаларын ар тараптан изилдеп, бүгүнкү илимий педагогиканы ар тараптуу байытуу педагогиканын башкы милдети болуп саналат.

Коомдогу бардык окуу-тарбия берүүчү социалдык мекемелердин ичинен үй-бүлөнүн мааниси зор, анткени балдардын алгачкы өсүп-өнүгүүсү, калыптанышы, социалдык мамилени, байланышты, иш-аракеттерди өздөштүрүүсү үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлө баланын инсандык, нравалык сапаттарын,

жеке жөндөмдүүлүгүн өстүрүп, активдүүлүккө, аракетчилдикке, чыгармачылыкка тарбиялайт.

Биздин коомубузда баланы тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу өтө бийик. Бала бакчага барса да, мектепте окуса да, өзүнүн балалык мезгилинин көп учурун үй-бүлө менен өткөрөт. Ошондуктан баланы үй-бүлөдө тарбиялоо көп түрдүү жана өтө татаал. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоодо кайдыгерлик мамиле болбошу керек. Ар бир балага өзүнчө мамиле талап кылынат.

Улуу педагог К.Д. Ушинскийдин: «Жакшы тарбияланган бала ата-эненин келечектеги бактысы, жаман тарбияланганы ата-эненин шору?»- деген асыл ою турмушта толугу менен ырасталууда [8].

Кыргыз элинин макалы «Билимдүү болуш оңой, адам болуш кыйын» деп бекеринен сүйлөп турбаса керек.

Ошентип, жогоруда айтылгандардын бардыгы – үй-бүлөдө, коомдук түзүлүштөрдө, билим берүүнүн бардык баскычтарында өспүрүмдөр, балдар, жаштар үчүн бирдиктүү тарбиялоо системасын түзүүнү, аны камсыздоону талап кылат. Эгер биз учур талабына ылайык кандайдыр бир негиздүү идеология иштеп чыкпасак, мындай терс көрүнүштөр күчөшү дагы шексиз. Өзүбүздүн менталитетке ылайыкташкан улуттук, патриоттук сезимди ойготкон жана руханий-адептик тарбия концепциясын иштеп чыгуу зарыл болуп турат.

Жаш муунду тарбиялоо концепцияны кабыл алуунун онтойлуу шарттары жана актуалдуулугу – жаңы социалдык-экономикалык жагдайда Кыргыз Республикасындагы өсүп келе жаткан жаш муундарды – окуучулар менен жаштарды тарбиялоонун бирдиктүү системасы экенин айгинелеп турат.

Акыркы он жыл аралыгында өлкөбүздө болгон өзгөрүүлөр, чаржайыт идеология, демократиялык коомго мүнөздүү болгон плюралисттик көз караштар, ой жүгүртүүлөр, көптөгөн үй-бүлөгө жана мектептеги балдарга таасир берип, ал түгүл коомду дагы адеп-ахлак кризисине алып келди.

Андыктан билим берүү системасында ар бир жарандын жеке, адеп-ахлак, эстетикалык, эмгекчил, интеллектуалдык жактан тарбиялоонун максаты менен маани-маңызын калыбына келтирип, аны бир катар милдеттер менен бирге ишке ашыруу зарыл. Ушул Жарлык менен уңгулаш Кыргыз Республикасынын КББАнын вице-президенти проф. С. Байгазиев тарабынан иштелип чыгып, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган «Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо» [6] аттуу концепцияда азыркы таалим тарбиянын максаты “Кыргыз Республикасына, мамлекетине өз мекенин, Ала-Тоо, Ата Журтун, анын эгемендүүлүгүн, көз карандысыздыгын, өз алдынча мамлекеттүүлүгүн, эл-журтунун ички ынтымак-биримдигин эң жогорку дөөлөт (высшая ценность), - деп эсептеген, муну менен сыймыктанган, өз эне тилин сүйгөн, калкынын рух нарктарына, моралдык кенчтерине, түптүү адат-салттарына аң-сезими жана жан дүйнөсү терең сугарылган, элинин тарыхын мыкты билип, ата-бабаларынын азаттык үчүн, бактылуу турмуш үчүн болгон каарман күрөшүн ичинен өрнөк туткан инсанды жетилдирип калыптандыруу”, - деп белгиленген. Демек, өзүн өлкөсүнүн өткөн тарыхы менен азыркы проблемаларынын контекстинде аңдаган, өз элин дүйнөнүн башка өнүккөн элдери менен тең ата даража күтүп бакубат өмүр сүрүшүнө өз салымын кошууга дараметтүү инсандарды жетилдирүү азыркы Кыргызстанда жаш муундарды тарбиялоонун эң башкы лейтмотиви болуп эсептелет.

Өспүрүмдөрдүн адептик-рухий, ыймандык тарбиясы – педагогикалык процессте өтө маанилүү маселе болуп эсептелет, ал – билим берүү системасынын олуттуу милдеттеринин бири. Азыркы мезгилде дүйнө жү-

зүндө адептик-рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнүп жатат. Ошондуктан бардык гуманитардык предметтердин мазмунунда адептик-рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Кыргыз Республикасында профессор С.О. Байгазиевдин иштеп чыккан “КРда 2020-жылга чейин мектеп окуучуларды жана жаштарды тарбиялоонун концепциясы” ошого байланыштуу жазылган документ, ал азыр кызуу талкуудан өттү, ошол концепцияны жүзөгө ашыруу максатында “Тарбиялык иштердин программасы” иштелип чыкты [6].

Заманбап мезгилдин талабына ылайык жаңыча ой жүгүртүү мүмкүндүгү жогору, өз элинин учугун улап, келечекти өнүктүргөн инсанды тарбиялоо - башкы милдеттердин бири болууда.

Педагогика илиминде тарбиялоо категориясын ар түрдүү багытта жана ар түрдүү мааниде аныкташат. Тарбиялоо процессинин педагогикалык маселеси катары мектептеги окуучуларды тарбиялоо – бул атайын уюштурулган, башкарылуучу, текшерилүүчү жаш муундун коомго зарыл жана пайдасы тие турган касиеттерин, кулк мүнөздөрүн жана сапаттарын калыптандыруу максатындагы педагог менен тарбиялануучунун аракетинин жүрүшү жана жыйынтыгынын аракети болуп саналат.

Мурда педагогдор тарбиялануучулар тарабынан алдын-ала аныкталган касиеттерге калыптандыруу үчүн атайын уюштурулган, жетектелген жана текшерилип туруучу процесс катары аныктап келишкен [3]. Бул тарбиялануучуларга эң субъект оруну берилет дагы, тарбиялоо процессинин кыймылдаткыч күчү катары педагогдор таанылат. Ал эми тарбиялоо процессинин азыркы мезгилге ылайык – тарбиялоо бул педагог менен тарбиялануучунун аныкталган максаттарга жетүү үчүн өз ара аракеттенишүүсүнүн (кызматташтыгы) жана ошондой эле өзүн-өзү тарбиялоо иштеринин жыйынтыгы болуп саналат [5]. Демек, тарбиялоо процесси, биринчиден тарбиянын максатына жетүү үчүн педагог менен үй-бүлөнүн ортосундагы аракеттердин жана анын өзүнүн өздүк ишмердүүлүгүнүн аныкталган багытта жүрүшү, экинчиден ал ишмердүүлүктөрдүн негизинде тарбиялануучуларда аныкталган касиеттердин, сапаттардын калыптанышы.

*Тарбия* – тарбиялануучу адам (бала) менен тарбия берүүчү адамдын (педагог), адамдар чөйрөсүнүн, коомдогу маданий таасирлердин өз ара таасир этүүлөрүнөн ишке ашуучу процесс. Тарбия процессинин борборунда тарбиялануучу (инсан катары өсүп, өнүгүп жаткан) бала турат.

Тарбия дайыма максаттуу болот, анткени тарбиялык таасирди бузуп-бөлүүчү таасирлер, факторлор, шарттар өтө көп экендигине карабастан, бала менен мектепте мугалим ж.б., үйдө болсо атасы-апасы же бир туугандары ж.б. тарабынан максатка ылайыктуу тарбия иштери жүргүзүлөт. Тактап айтканда, тарбия – тарбиячынын максатына же тарбиялануучунун максатына жараша ишке ашуучу процесс.

Тарбиялоо процесси – абдан көп факторлордон көз каранды. Ал процесстин жүрүшүнө жана анын жыйынтыгына көптөгөн объективдүү жана субъективдүү факторлор өз алдынча дагы, бири-бирине байланыштуу дагы таасир этишет. Эгерде, тарбиялануучунун ички талаптары, кызыгуусу, мүмкүнчүлүгү, жөндөмдүүлүгү жана башка сапаттары, анын жашап жаткан реалдуу мезгилине, чөйрөсүнө, башкача айтканда, объективдүү шарттарга шайкеш болсо, анда тарбиялоо процесси эффективдүү жыйынтыкка келет.

Тарбиялоонун максаты – тарбиялоо процессинин жете турган чеги, болочоктогу жыйынтыгы. Тарбиялоонун максаты процесстин мазмуну, маңызы жана анын уюштурулушу, формасы, методдору менен аныкталат. Тарбиялоо процессинде мейли мамлекеттик деңгээлдеги иш-аракеттер болсун, мейли күнүмдүк деңгээлдеги тарбиялоо ишмердүүлү-

гү болсун, сөзсүз түрдө анын максаты аныкталышы зарыл. Максаты ачык-айкын коюлбаган тарбиялоо процесси болушу мүмкүн эмес.

Тарбия процессине коюлган маанилүү психологиялык талап - бул баланы өзүн-өзү таанып билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ кылуу [9].

Баланы тарбиялоо практикасында алардын өзүн-өзү таанып билүү процесси кандайдыр бир максатка багытталган жетекчилик менен ишке ашырылышы зарыл. Класс жетекчи, тарбиячы, ата-эне баланын бир нерсенин жасай алышы тууралуу оюна ортоктош болуп ага рухий гүл азык берет. Бул анын ар кандай турмуштук жагдайларда күчкубат тартуулай турган рефлексиясы.

Бул баланын турмушунун жана өнүгүшүнүн карама-каршылыктарынын көрүү жана аны жеңүүгө жардам берүү. Тарбиялоо процесси – бул ар дайым карама-каршылыктарды жеңип өтүү, ошолордун жыйынтыктарын көрүү деп айтышат. Карама-каршылыктар баланын ички дүйнөсүндө болот (анын керектөөлөрү менен мотивдеринин, кызыгуулары менен кыял-жоруктарынын ж.б ортосунда), ошондой эле бала менен чөйрөнүн (ата-энелер, жоро-жолдоштор, мугалимдер менен) ортосунда карама-каршылык болушу мүмкүн. Бирок баарыга белгилүү ар кандай өнүгүштүн кыймылдаткыч күчү бул карама-каршылыктарды жеңип өтүү. Эгер карама-каршылыктарды жеңип өтсө - өнүгүү бир тепкичке өйдө көтөрүлгөн болот. А эгер андай болбосо, анда өнүгүш токтоду же нормадан артта калды деп эсептелинет. Кыйынчылыкты көрбөгөн, карама-каршылыкка кабылбаган бала “борпоң” бош болот.

Бала айлана-чөйрөсүнүн жана өзүн-өзү эрте таанып билет. Ал таанып билүүсүнүн биринчи кадамынан эле тарбиячы тарабынан жетекчиликтин болушун күтөт. Ал эми чоңоюп эле калган уландар да, кыздар да алардан кем эмес бул жетекчиликке муктаж болот. Жетекчи катары мында атанын жана эненин ар бир баскан турганы, кыймыл-аракети жетектөөчү күчкө ээ болушу мүмкүн. Энеси ачык турган терезеден чоңоюп эле калган баласын чакырат: “Аскарчик, кел, келегой тамак жейбиз”. Аны уккан теңтуштары шылдыңдап кирет, күлүшөт. Ушундан жанагы жигит болуп калган улан өзүн ыңгайсыз сезет. “Апаңды капа кылба, уулум келе кой” – дейт энеси кайра тиги уулунун абалын аңдабай эле. Мындай да улан такыр кетип калат, же корс этип, бирөөлөргө бир тиет, же үндөбөй тымызын ичинен сызып жүрө берет. Мунусу да, анысы да бири-бирине мамилесин гана эмес, өзүнө-өзүнүн мамилесин дагы оңдоп кете албайт.

Ата-эне кандайдыр бир чарбалык маселе чечип атат дейлик, кызы өз пикирин кошкусу келет да өз сөзүн айтат, анда тигилер аны “Сенин ишиң болбосун”, “Сен эле калдың эле, куюшканга кыпчылбай ары турчу”, - дегендей кагып таштайт. Бул сыяктуу үзгүлтүксүз ызада, кагууда болуу, шылдыңга кабылуу жаш адамды эзет, анын кайдыгерлик сапатын өстүрөт, ата-энелердин таасирин жоготот. Бара-бара турмушка пассивдүү кароого алып барат.

Балдарга “кел, кеңешели, муну кандай кылсак”, “сенсиз муну билбей атабыз”, “жардам кылчы”, “сенин оюң кандай?”,- деп турса мунун мааниси чоң. Ата-энелердин балага мындай мамилеси алардын акыл-эсине, билимине ишенгендик гана болбостон, өз бактысын билүү сезимин калыптандырат, өзүнүн да пайдалуу инсан экенин түшүнүүсүнө көмөктөшөт. Ишмердүүлүгүн, чыгармачылыгын артырууга жардам берет, өзүн-өзү ачуу, өзүнүн сапаттарын жана мүмкүнчүлүгүн туя билүү аракети активдештирет. Өз ара мамиленин үй-бүлөдөгү ушундай системасы кызматташтык мамилеге алып барат, тарбиялоонун өзүн-өзү таанып билүүнүн жана аңдап билүүнүн кубаттуу фактору катары кызмат этет.

Эгемендүү республикабыз бүгүн таалим-тарбия ишине багыт – маяк катары кызмат кыла турган өзүнүн социалдык, философиялык, моралдык, этикалык руханий, патриоттук дөөлөттөрүнүн системасынын иштеп чыгып, аны муундардын социалдаштыруусун кызматына чечиши керек. Ушундай шартта тарбиячылардын жетекке ала турган ориентер тута турган жогорку идеясы жана идеалы пайда болот.

Бүгүн коомубуздун адеп-ахлак кризисинен дуушар болгондугу чындык. Республикада коррупция илдети күчүндө туруп жатат. Мектептерде рэкет илдети каптап, мунун айынан өспүрүмдөрдүн ден-соолугу жабыркап же өлүмгө учураган фактылары сейрек эмес, бирдиктүү мектеп формасынын жоктугунан пайдаланып, диндик экстремизми мектептерге таасир кылууга умтулуп, окуучулардын мектепке дин кийимдерин (хиджаб) кийип келгенине байланыштуу орто билим берүү сферасына конфликтер пайда болуп жатат. Расмий статистика боюнча, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын арасында кылмыштуулук улам өсүүдө. Өлкөбүздө бүгүнкү күндө баңгилерди пайдалангандардын саны 100 миңден ашса, анын 15 пайызын өспүрүм – жаштар түзөт [4]. Өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен *“акча, пайда, бийлик, байлык, жеке атак-даңк”* сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Аларда турмушка жана адамдарга карата прагматикалык – пайдакечтик, өзүмчүл мамиле күч алып жатат.

Кыргызстандын алыскы айылында жүргүзүлгөн социалдык сурамжылоолор бүгүнкү балдардын айрымдары мектепти бүткөндөн кийин батыштагы бай өлкөлөргө кетүүнү каалашкандыгын маалымдап отурат. Жаштарыбыздын өздөрүнүн тагдырын бир тууган мекени, Ата-Журту менен бекем байланышта карабаган тенденция өсүп жатат. 2011-2012 жылдарда Кыргызстандын бардык 7 областында социологиялык изилдөөгө тартылган 1410 жаштардын баалуулук ориентациясында “мекенчилдик” акыркы орундардын бирин (8,3%) ээлеген [6]. Жаштар өз өлкөсүнүн рухий мурастарын үйрөнү жагынан да пассивдүүлүгүн көрсөтүшүүдө. Ошол эле социологиялык изилдөө жаштардын, мисалы “Манас” эпосунун айрым үзүндүлөрдүн түрүндө гана үзүл-кесил берилгендигин аныктаган. Сюжеттери уруш-кармаштарга, кан төгүүлөргө толгон, зордук-зомбулукту үгүттөгөн телекомпьютердик программалардын ишенчек жаш балдардын психикасына терс таасирин тийгизерине анык. Өспүрүмдөр бүгүнкү замандын “экран маданиятынан” көбүрөөк пайдаланышып ал эми китеп окуу маданиятынан улам-улам алысташууда. Азыр жаштардын маалыматтуулугу, кругозору өнүгүп ал эми алар интеллектиси, руханий ыймандык өнүгүү жагынан артта калып жатат. Кыскасы, Кыргыз мамлекетинин таалим-тарбиясынын программасы иштелип системалуу түрдө жолго коюлбагандыгынан улам өлкөдө келип чыккан вакуумду батыштык массалык маданиятын арзан стандарттары жана баш көзсүз стихиялуулук ээлеп, түркүн күчтөр чет өлкөлүк диндик секталар тарбия “арабабызды” Крыловдун тамсилиндегидей бири туурага тартса, бири өйдөгө, бири төмөнгө тартат, жаш муундарыбыздын тарбиясы ыраатсыз баш-аламан өтүп жатат. Бүгүн кыргыз балдардын бири баптист, бири буддист, бири хизбут-тахрир ж.б. Экономикалык жана адеп ахлак кризисинен шарттарына коомдун биринчи ячейкасы болгон үй-бүлө өзүнүн тарбиялык функциясынан көп жагынан чектеп кетти. Мектептерде окуучулардын индивидуалдуу ал-абалын, мүнөзүн диагностика жүргүзүү аркылуу терең үйрөнүү жетишпей жатат.

БУУнун балдардын укуктары жөнүндө Конвенциясына жана Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык тарбия берүү системасынын негизги шарты катары балдардын укуктарын камсыз кылуу зарыл. Жалпы адамзат-

тын баалуулуктарды, этномаданият салттарын, окуучулардын жаш курак өзгөчөлүгүн, жеке мүнөздөрүн эске алуу менен тарбиялоонун уюшулган түрлөрүн жана балдардын, өспүрүмдөрдүн, жаштардын (кыздардын) заманбап керектөөлөрүнө толук жооп берген тарбиялоонун милдеттерин жакынкы арада иштеп чыгуу керек.

Жыйынтыгында азыркы учурда таалим-тарбия стратегиясын концепсиясын түзүп, кабыл алып анын негизинде узак мөөнөттүү тарбия программасын, практикалык иш-чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу өлкөбүздө күн тартибинде турган милдет.

Ошондуктан билим берүү процессинде окуучуларды тарбиялоо үчүн окуу-тарбия процессине ата-энелерди тартуу жана ошондой эле билим берүү уюмундагы балдарынын турмушуна болгон кызыгуусун ойготуу учун ата-энелер менен иштөөнүн формаларын дифференциялоо боюнча педагогдордун билимдердин, компетенцияларын, жана жөндөмдөрүн калыптандырууга багытталган курстарды уюштуруу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү / А. Акматалиев. – Б.: Шам, 2000. – 348 б.
2. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт.-Б.:Баласагын 1993.
3. Асипова Н.А. Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников [Текст]: автореф. дисс...док.пед.наук: 13.00.01 / Н.А. Асипова. – Алматы., 1998.
4. Конвенция о правах ребёнка.
5. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] // Кутбилим, 2012, 20-авг.
6. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С.Байгазиев. – Кутбилим. – Бишкек, 2010, 20-август.
7. Бекбоев И. Элдик педагогика – тарбиянын булагы [Текст] Бекбоев И. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү. – Б.: 2010. – 262 б.
8. Ушинский, К.Д. “О народности в общественном воспитании //изб.соч. М.: Педагогика 1974.
9. Муратов А.Ж. Кыргыз элинин тарбиялык салттарында балдарды социалдаштыруу идеялары. //Мектеп-школа 2012 № 3 – 12б.
10. Кутбилим 4-сентября, 2015-жыл № 33 (10635)


***Рецензент: д.п.н., профессор***
***Калдыбаев Салидин Кадыркулович***